КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
АРСТАНБАП-АТА АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АРСТАНБАП-
АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# АРСТАНБАП-АТА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН IX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XIV СЕССИЯСЫНЫН ТОКТОМУ №1

18-август 2026-жыл — Ooган-Талаа айылы

## Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын алты айынын жыйынтыгы боюнча айыл өкмөт башчысы У.Чолуковдун отчету жөнүндө

Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIV сессиясы айыл өкмөт башчысы У.Чолуковдун 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында аткарылган иштер боюнча отчетун угуп жана талкуулап токтом кылат:

1. Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын алты айынын жыйынтыгы боюнча айыл аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу айыл өкмөт башчысы У.Чолуковдун отчету эске алынсын.

2. Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы У.Чолуковдун 2026-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы аткарган иштери жалпы жонунан «жакшы» деп бааланcын.

3. Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына төмөнкү багыттар боюнча иштерди улантуу жана күчөтүү сунушталсын:

- жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү боюнча иш-чараларды күчөтүү;
- жергиликтүү бюджеттин каражаттарын мыйзам талаптарына ылайык максаттуу жана натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу; айылдык аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасында каралган иш-чаралардын өз убагында аткарылышын камсыз кылуу;
- калктын социалдык жактан аялуу катмарларын колдоо боюнча иштерди улантуу;
- айылдык аймактагы жол, суу, санитардык тазалык, көрктөндүрүү жана башка инфраструктуралык маселелерди чечүү боюнча тиешелүү органдар менен биргеликте иш алып баруу;
- жарандардын кайрылууларын өз убагында жана мыйзам талаптарына ылайык кароону камсыз кылуу;
- айылдык аймактын инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу жана долбоорлорду тартуу боюнча иштерди активдештирүү.

4.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Төрага — Ж.Абдухалилов